# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
# МЫЙЗАМЫ

# ЗАКОН
# КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына толуктоо жана өзгөртүү киргизүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Мыйзамы**

2013-жылдын 6-июнунда

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган

**1-берене.** "Кыргыз Республикасындагы бюджеттик укуктун негизги принциптери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ведомосттору, 1998-ж., № 10, 374-ст.) төмөнкүдөй толуктоо киргизилсин:

Мыйзам төмөнкүдөй мазмундагы $21^1$-статья менен толукталсын:

"$21^1$-статья. Региондорду өнүктүрүү фонду

Региондорду өнүктүрүү фонду - жергиликтүү маанидеги инфратүзүмдөрдү өнүктүрүүгө жана күтүүгө пайдаланылуучу кирешелердин же башка келип түшүүлөрдүн конкреттүү түрлөрүнөн чегерүүлөрдүн жана максаттуу багыттагы башка конкреттүү иш-чараларды жүзөгө ашыруунун эсебинен мыйзамдарга ылайык түзүлгөн акча каражаттары.

Фонддун каражаттары тиешеси жок багыттарга колдонулушу мүмкүн эмес.

Фонддорду түзүүнүн жана ага каражаттарды чегерүүнүн тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат.

Республикалык бюджетти түзүүдө фонддордун каражаттары региондорду бюджеттик каржылоону төмөндөтүүгө таасир тийгизе албайт.".

**2-берене.** "Салыктык эмес төлөмдөр жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 1994-ж., № 5, 157-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

$19^3$-статья төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"$19^3$-статья. Жергиликтүү маанидеги инфратүзүмдөрдү өнүктүрүүгө жана күтүүгө чегерүүлөр

1. Пайдалуу кендерди (көмүрдү, сымапты, минералдык жана термалдык сууларды жана курулуш материалдар катары, анын ичинде курулуш материалдарын чыгарууда чийки зат катары колдонулуучу пайдалуу кендерди кошпогондо) иштетүүнү (казып алууну) жүзөгө

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
**МЫЙЗАМЫ**

# ЗАКОН
## КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**О внесении дополнения и изменения
в некоторые законодательные акты
Кыргызской Республики**

Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 6 июня 2013 года

**Статья 1.** Внести в Закон Кыргызской Республики «Об основных принципах бюджетного права в Кыргызской Республике» (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 1998 г., № 10, ст. 374) следующее дополнение:

Закон дополнить статьей $21^1$ следующего содержания:

«Статья $21^1$. Фонд развития регионов

Фонды развития регионов - денежные средства, образуемые в соответствии с законодательством за счет отчислений от конкретных видов доходов или иных поступлений, используемые на развитие и содержание инфраструктуры местного значения и осуществление иных конкретных мероприятий целевого назначения.

Средства фонда не могут быть использованы на цели, не соответствующие назначению.

Порядок формирования фондов и зачисления этих средств определяется Правительством Кыргызской Республики.

Средства фондов не могут влиять на снижение бюджетного финансирования регионов при формировании республиканского бюджета.».

**Статья 2.** Внести в Закон Кыргызской Республики «О неналоговых платежах» (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 1994 г., № 5, ст. 157) следующее изменение:

Статью $19^3$ изложить в следующей редакции:

«Статья $19^3$. Отчисления на развитие и содержание инфраструктуры местного значения

1. Плательщиком отчисления на развитие и содержание инфраструктуры местного значения является физическое или юридическое лицо, осуществляющее разработку

ашыруучу жана катталган жерине карабастан пайдалуу кендердин табылган жери боюнча областардын, райондордун өнүктүрүү фонддоруна жана тиешелүү жергиликтүү бюджеттерге чегерүүлөрдү жүргүзүүчү жеке же юридикалык жак жергиликтүү маанидеги инфратүзүмдү өнүктүрүүгө жана күтүүгө чегерүүлөрдүн төлөөчүсү (мындан ары – төлөөчү) болуп саналат.

2. Жергиликтүү маанидеги инфратүзүмдү өнүктүрүүгө жана күтүүгө чегерүүлөр областардын, райондордун өнүктүрүү фонддоруна жана тиешелүү жергиликтүү бюджеттерге пайдалуу кендерди сатуудан түшкөн кыйыр салыктарды эсепке албастан, 2 пайыз өлчөмүндө, отчеттук айдан кийинки айдын 20сына чейин төлөнөт.

3. Эгерде субъект казылып алынган пайдалуу кендерди кайра иштетүүнү жана алардан продукция чыгарууну өз алдынча жүзөгө ашырса, жергиликтүү маанидеги инфратүзүмдөрдү өнүктүрүү жана күтүү үчүн чегерүүлөр аларды кайра иштетүү менен байланышкан чыгымдарды чыгарып салуу менен пайдалуу кендерди сатуудан түшкөн акчанын иш жүзүндөгү көлөмүнөн жүзөгө ашырылат.

4. Эгерде кен чыккан жер ар башка райондорго кирген эки же андан ашык айылдык аймактардын аймагында жайгашкан учурда, төлөөчү эсептик каттоодон өтүүнү ар бир райондун салык органында жүзөгө ашырат, чегерүүнүн суммасы ошол же башка райондо жайгашкан ээленген аянтка пропорциялуу төлөнөт.

Токой фондунун жерлеринин же запастагы жерлердин аймактарында жайгашкан пайдалуу кендерди сатуудан чегерилүүчү жергиликтүү маанидеги инфратүзүмдү өнүктүрүүгө жана күтүүгө арналган каражаттар толук көлөмдө районду өнүктүрүү фондунун эсебине жиберилет.

5. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилүүчү тизмекке ылайык алтындын запасы 50 тоннадан ашыкты түзгөн жалпы мамлекеттик маанидеги кен чыккан жерлер боюнча чегерүүлөр төмөнкүдөй тартипте жүргүзүлөт:

-50 пайыз - областы өнүктүрүү фондуна;

-30 пайыз - районду өнүктүрүү фондуна;

-20 пайыз - пайдалуу кендердин чыккан жери боюнча тиешелүү жергиликтүү бюджеттердин эсебине.

Алтындын запасы 50 тоннадан азды түзгөн кен чыккан жерлер боюнча чегерүүлөр төмөнкүдөй тартипте жүргүзүлөт:

-80 пайыз - районду өнүктүрүү фондуна;

-20 пайыз - пайдалуу кендердин чыккан жери боюнча тиешелүү жергиликтүү бюджеттердин эсебине.

6. Алтындан тышкары башка пайдалуу кендер чыккан жерлер боюнча:

-жалпы мамлекеттик маанидеги кен чыккан жерлердин тизмегине киргизилген жерлер боюнча чегерүүлөрдү эсепке киргизүү ушул berененин 5-бөлүгүнүн 1 - 4-абзацтарына ылайык жүргүзүлөт;

-жалпы мамлекеттик маанидеги кен чыккан жерлердин тизмегине кирбеген жерлер боюнча чегерүүлөрдү эсепке киргизүү ушул берененин 5-бөлүгүнүн 5 - 7-абзацтарына ылайык жүргүзүлөт.

7. Жергиликтүү маанидеги инфратүзүмдү өнүктүрүүгө жана күтүүгө багытталган каражаттарды башка максаттарга колдонууга жол берилбейт.

Региондорду өнүктүрүү фондунун каражаттарын максатсыз пайдаланууга күнөөлүү адамдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартышат.”.

(добычу) месторождений полезных ископаемых (за исключением угля, ртути, минеральных и термальных вод и полезных ископаемых, применяемых в качестве строительных материалов, в том числе как сырье при производстве строительных материалов) независимо от места регистрации и производящее отчисления в фонды развития областей, районов и в соответствующие местные бюджеты по месту нахождения месторождения полезных ископаемых (далее - плательщик).

2. Отчисления на развитие и содержание инфраструктуры местного значения вносятся в фонды развития областей, районов и в соответствующие местные бюджеты по месту нахождения месторождений полезных ископаемых до 20 числа месяца, следующего за отчетным, в размере 2 процентов от выручки без учета косвенных налогов, полученной от реализации полезных ископаемых.

3. В случае если субъект самостоятельно осуществляет переработку добытых полезных ископаемых и производство из них продукции, отчисления для развития и содержания инфраструктуры местного значения осуществляются от фактического объема выручки от реализации полезного ископаемого, за вычетом расходов, связанных с их переработкой.

4. В случае если месторождение расположено на территории двух и более айыльных аймаков, относящихся к разным районам, плательщик осуществляет учетную регистрацию в налоговом органе каждого района, сумма отчисления вносится пропорционально занимаемой площади, расположенной в том или ином районе.

Средства, предназначенные на развитие и содержание инфраструктуры местного значения, отчисляемые от реализации полезных ископаемых, месторождения которых расположены на территории земель лесного фонда и земель запасов, направляются в полном объеме в фонд развития района.

5. По месторождениям общегосударственного значения, в соответствии с перечнем, утверждаемым Правительством Кыргызской Республики, где запасы золота составляют свыше 50 тонн, отчисления производятся в следующем порядке:

-50 процентов - в фонд развития области;

-30 процентов - в фонд развития района;

-20 процентов - в соответствующие местные бюджеты по месту нахождения месторождения полезных ископаемых.

По месторождениям, где запасы золота составляют менее 50 тонн, отчисления производятся в следующем порядке:

-80 процентов - в фонд развития района;

-20 процентов - в соответствующие местные бюджеты по месту нахождения месторождения полезных ископаемых.

6. По месторождениям полезных ископаемых, кроме золота:

-включенным в перечень месторождений общегосударственного значения, зачисление отчислений осуществляется согласно абзацам 1 - 4 части 5 настоящей статьи;

-не включенным в перечень месторождений общегосударственного значения, зачисление отчислений осуществляется согласно абзацам 5 - 7 части 5 настоящей статьи.

**3-берене.** Ушул Мыйзам күчүнө киргенге чейин региондорду өнүктүрүү фондуна жөнөтүлгөн каражаттар ушул Мыйзамда белгиленген тартипте бөлүштүрүлөт.

**4-берене.** Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү өзүнүн ченемдик укуктук актыларын ушул Мыйзамга ылайык келтирсин.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **А. Атамбаев**

Бишкек ш.
2013-жылдын 17-июлу
№ 149

7. Не допускается использование средств, направленных на развитие и содержание инфраструктуры местного значения, на другие цели.

Лица, виновные в нецелевом использовании средств фонда развития регионов, несут ответственность в соответствии с законодательством Кыргызской Республики.».

**Статья 3.** Средства, направляемые в фонд развития регионов до вступления в силу настоящего Закона, распределяются в порядке, установленном настоящим Законом.

**Статья 4.** Настоящий Закон вступает в силу со дня официального опубликования.

Правительству Кыргызской Республики привести свои нормативные правовые акты в соответствие с настоящим Законом.

**Президент**
**Кыргызской Республики** **А. Атамбаев**

г. Бишкек
17 июля 2013 года
№ 149